Инв. 1908 Сазанов Багыш.

„Семетейдин олуму".

„Семетей".

Институт языка, литературы и истории
Инв. № 175
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

329-430 стр. 15 дек. 1949 г.

Институт языка, литературы и истории
Инв. № ~~1008~~
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Бели канга толуптур,
Эр Кыяз чэрэвакыс болуптур,
Койну канга толуптур,
Коскологусуз болуптур,
Эр Сары кан баатырдан.
Кыяз айдалага найза жеп,
Ылама албай калыптыр,
Омуртказа найза жеп,
Он сегизде эр Кыяз
Ойлоно албай калыптыр,
Кайра тартып жетиптир,
Жедигердин колунга,
Жетпей Кыяз келиптир.
Колундагы Алмабаш,
Октой албай калыптыр,
Тоо торунун үстүнө,
Токтой албай калыптыр,
Союл тийип оозуна,
Булчуюп Кыяз калыптыр,
Чоюн баш тийип мурдуна,
Былчылып Кыяз калыптыр,
Куро тамыр билектей,
Башын бөлөп карасаң,
Жоонологон челектей,
Кайгы менен кападан,
Кара туйшук Кыяздын,
Кан жошулат жакадан.
Арбайып айткан тилиту эле
Кошунда жаткан жедигер,
Эр Кыязды корду эле,
Кыязды коргон жедигер,

Билеги кетти сабынан,
Жүрөгү кетти кабынан,
Авуу деген дары бар.
Эр Кыяздын жанында,
Ак дарынын чоору бар.
Жедигердин карысы,
Дары салчу ичинде,
Тавыптардын чоорубар.
Кайнатма кара дарысын,
Кайнатып суруп ичирип,
Кырма кызыл дарысын
Кырып суруп тартырып,
Ок жуткусуп өкүтүн,
Чалап чайкап жуткуруп,
Эт салдырып алды эле,
Батып калган октордү,
Камбардын уулу Канчоро,
Чыпырата тилди эле,
Сомойдон тиштүр салды эле,
Камбыл өскон Канчоро,
Тиштип суруп алды эле,
Авуу деген ак дары,
Алып келип салды эле,
Жаратын оозу жабылбайын,
Шишиктен оозу калбайнп
Чып, чып сары суу чыгып,
Жымырылып бүттү эле
Айкырып алды эле
Кайта жаңго салмакка
Сары канга бармакка
Айып алып эр Кыяз,

Сары конго бармака,
Оз ичине жай кылып,
Омур кетчу амй кылып,
Аттанамын деп айтты,
Кыяздын ок отпос,
Тэмир тону бар.
Ок отпос темир тонуна,
Бараңдын огу мадалган,
Караньк огу кадалган,
Шивенн огу сойылган,
Чопкутун жедигэ,
Калдыраита курысо,
Аяты карыш курсунга
Боор копмо ок болгон,
Жойнап жаткан жедигэ,
Айла кылар жок болгон,
Кыз эрчишти соктаган,
Койбенен алтай мактаган,
Айдаркандын казактан,
Казака кабар тушуптур,
Баатыр Кыяз келди деп,
Белине саадак буду ден,
Толтойдун кунун кудудеп,
Кыязга кудай берди деп
Аны жутушуп Канчоро,
Ак кептени асынып,
Уруш кылып турганда,
Озу качып келди деп,
Канчоро качып келгенде,
Кыязга кудай берди деп.
Канчоро качып келгенде,

Ичип канга тойбогон,
Кан ичкенин койбогон,
Канчоро кармап берди дейт,
Карамурт оз канкорду,
Баатыр Кыяз сойду дейт.
Кулчоро тушун колуна,
Канчоро атын колуна,
Тирик байлап койду дейт.
Мунабу Кен-калду,
Калмак атак деп угуп,
Булар казактан чыкканашканкул,
Тыныбекит, Алсейит,
Эки баатыр качкасы,
Жол жолочу кызбекчи,
Базарчыдан кеп угуп,
Эр Сарыкан баатырын,
Бет болду деп угуп,
Казактын эки торосу,
Экоо бирдей келди эле
Ак эркечке келди эле,
Ак эркеч эневиз,
Алымсейит баатырда,
Мында калбайт кегиңиз,
Алымсейит баатырын
Жат-кайтка жете барганда,
Жедигердин Кыязга,
Бек аныттагын калганда,
Эркеч тилекти кудай берип тир,
Ант жутушкан эр Кыяз,
Бизден мурда келиптир,
Акылынан шашыптыр!